DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

*Мадиярова Ч.А., Тайиров М.М.*

# ОКУУЧУЛАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ОРДУ

*Мадиярова Ч.А., Тайиров М.М.*

# РОЛЬ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ЧЫНГЫЗА АЙТМАТОВА В ФОРМИРОВАНИИ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ УЧЕНИКОВ

*Ch. Madiyarova, M. Tairov*

# THE ROLE OF CHYNGYZ AITMATOV'S WORKS IN THE FORMATION OF ECOLOGICAL CULTURE OF STUDENTS

*УДК: 502.37/519.61*

*Азыркы күндө айлана чөйрөнүн булгануусу, жаратылыш ресурстарынын сарамжалсыз иштетилүүсү, адам экологиясынын курчуп жатышы, адам менен жаратылыштын ортосунда тең салмактуулуктун бузулуусу, экологиялык кризистин пайда болуусу жана андан чыгуу, алдын алуу маселелери коомчулуктун алдында турат. Учурда экологиялык көйгөйлөрдү алдын алуунун негизги жолу окуучуларга экологиялык билим, тарбия берүү менен маданиятын калыптандыруу болуп саналат. Макалада Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы азыркы күндөгү экологиялык көйгөйлөр баяндалып, адамзатты алдын алууга чакырган идеяларынын негизинде экологиялык маданиятты калыптандыруунун практикалык жолдору каралат. Кыргыз адабияты сабагында окутулган Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу экологиялык маданиятты, жоопкерчиликти калыптандыруу боюнча сунуштар берилет. Ошондой эле, билим берүү мекемелеринде сабак берген мугалимдердин экологиялык сабаттуулугун жогорулатуу мезгилдин талабы экендиги көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *экология, адам, билим, маданият, экологиялык сукцессия, таштанды, жаныбарлар, өсүмдүктөр.*

*В данное время общественность сталкивается с проблемами загрязнения окружающей среды, нерационального использования природных ресурсов, острого воздействия экологии человека, возникновения и предотвращения экологических кризисов из-за дисбаланса между человеком и природой. В настоящее время основным путем предотвращения экологических проблем считается экологическое образование, повышение уровня культуры и воспитания учеников. В статье описаны актуальные экологические проблемы в произведениях Ч.Айтматова и обсуждаются практические пути формирования экологической культуры на основе идей, призывающих человечество к недопущению экологической катастрофы. В произведениях Ч.Айтматова, преподаваемых на уроках кыргызской литературы, даются рекомендации по формированию экологической культуры и ответственности, а также отмечается, что повышение экологической грамотности учителей в образовательных учреждениях требование времени.*

***Ключевые слова:*** *экология, человек, образование, культура, экологическая сукцессия, отходы, животные, растения.*

*At this time, the public is faced with the problems environmental pollution, the irrational use of natural resources, the acute impact of human ecologist, the emergence and prevention of environmental crises due to the imbalance between man and nature. Now the main way to prevent environmental problems is considered to be environmental education, raising the level of culture and upbringing. The article describes the article environmental problems in the works of Ch.Aitmatov and discusses practical ways of forming an ecological culture on the basis of ideas that call on humanity to prevent an ecological catastrophe. In the works of Ch.Aitmatov, taught at the lessons of Kyrgyz literature, recommendations are given on the formation of environmental culture and responsibility, and it also noted that increasing the environmental literacy of teachers in educational institutions is a time requirement.*

***Key words:*** *ecology, person, knowledge, culture, ecological succession, waste, animals, plants.*

Азыркы күндө Кыргыз Республикасынын аймагында пайда болгон экологиялык көйгөйлөр коомдун өнүгүшүн түздөн-түз аныктай турган факторлорго айланып жатат. Бул көйгөйлөр адам баласынын табигый системаларга үстөмдүк кылуусунан келип чыгууда. Өлкөбүздүн аймагындагы калктын санынын өсүп жатышы, адамдардын керектөөсүнүн жогорулашы, жаратылышка болгон жүктүн көбөйүүсүнө, ресурстардын үнөмсүз пайдалануусуна алып келүүдө.

Ал эми илимий-техникалык прогресстин өсүшү кен казууда, ГЭСтерди, тоо аймактарында жолдорду курууда экологиялык тең салмактуулуктун бузулуусуна алып келип, биоценоздук экологиялык сукцессиялардын жүрүүсүн тездетүүдө. Экологиялык сукцессиялык алмашуу учурунда табигый экосистемалардын жок болуп кетүүсүнүн натыйжасында жаныбарлардын кээ бир популяциялары такыр жок болуп, азык тизмегинин бузулуусуна алып келүүдө.

Жерлерди иштетүүдө жана мөмө жемиштерди өстүрүүдө химиялык, канцерогендик заттарды пайдалануудан улам айдоо жерлеринин түшүмдүүлүгү начарлап, зыянкеч курт-кумурскаларды гана жок кылбастан атмосфера, гидросфера жана топурак булганып жатат. Ал эми уулуу заттар боор, рак, нейропсихикалык, дем алуу жолдорунун ооруларынын пайда болуусуна жана балдардын чала жан, жансыз, мунжу туулусуна, калктын генофондунун начарлоосуна алып келип жатат.

Токой ресурстарынын сарамжалсыз пайдаланы-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



лышы, айыл чарба аянттарынын туура эмес иштетилиши, атмосфера жана суу чөйрөсүнүн булгануусуна алып келди. Ал эми дарактарды курулуш материалы б.а. экономикалык багытта пайдалануу күчөгөн сайын жер-жерлерде көчкүлөрдүн, селдердин жүрүшү күчөп, улуттук, мамлекеттик денгээлде коркунуч пайда болуп жатат. Мисалы, Алай, Сузак, Аксы райондорундагы жер көчкүлөр, Кызыл-Кыя (1977), Кара-Суу шаарындагы (1992), Сузактагы (1998) селдин капташы. Бул табигый кырсыктардын натыйжасында көптөгөн адамдар жана өсүмдүк, жаныбарлар көчкүнүн алдында калган [1].

Өнөр жайларды иштетүүдө экологиялык экспертизалардын мыйзам ченемдүү жүргүзүлбөгөндүгү, иштөө технологияларында иштелип чыгарылган калдыктарды жок кылуу жакшы жолго коюлбагандыгынан улам экологиялык көйгөйлөр пайда болууда. Ал эми таштандыларды сортточу, кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугу, кен казууда кен менен кошо табылган радиоактивдүү заттардын айлана чөйрөдө топтолуусу, генетикалык денгээлде адамзатка терс таасирин тийгизүүдө. Ошондуктан, өнөр жайларды экологиялаштыруу азыркы күндүн талабы экендиги көрүнүп турат.

Ал эми шаарлардагы өнөр жайлардын, чакан ишканалардын иштөө технологияларынын экологиялык жактан талаптарга толук жооп бербегендигинен, автотранспорттордун көптүгүнөн улам абанын булганыч абалда болушу, шаар тургундарынын ден соолугуна терс таасирин тийгизип жатат. Азыркы учурда өлкөбүздөгү экологиялык кризис жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн санынын азайып, кырылып жок болушуна гана алып келбестен, эң биринчи кезекте адам баласынын саламаттыгына, генофондуна да олуттуу зыянын тийгизүүдө.

Экологиялык кризисти алдын алуу, көйгөйлөрдү мезгилинде чечүү адамзаттын эң маанилүү маселелеринин бири. Азыркы күндө экологиялык маселелерге арналган КРнын көптөгөн мыйзамдары кабыл алынган. 2007-жылы болсо Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун концепциясы жөнүндө президенттин указы чыккан. Бирок күн өткөн сайын ар кандай экологиялык көйгөйлөр күч алууда.

Жерге, өз үйүнө кантип адамзатты аяр мамиле кылууга үйрөтөбүз, жана аларды жаратылыш менен мамыры-жумуру кылабыз? Окумуштуу-педагог М.Ж. Чоровдун сөзү менен айтканда: «Адамдын акыл-эси табиятка пландуу, рационалдуу жана камкор мамиле жасоого жете алар бекен?» [2].

Дүйнө жүзүндө, өлкөдө экологиялык абал улам барган сайын татаалдашып, коомдук жашоого, билим берүүгө, рыноктун бардык тармактарына жаңычыл көз караштарды, иш аракеттерди талап кылып жатат. Ал эми экологиялык билимге ээ болуу менен экологиялык көйгөйлөрдү болтурбай коюуга, алдын алууга, аң-сезимине экологиялык маданиятты, жоопкерчиликти калыптандырууга жана тарбиялоого аракет жасашыбыз керек. Экологиялык билимди, тарбияны кандай жолдор менен беребиз? Канткенде алган экологиялык билим, тарбия таасирдүү болот?. Экологиялык маданиятты, жоопкерчиликти кантип калыптандырабыз? - деген суроолорго жоопту табуу азыркы мезгилдин орчундуу маселелеринин бири.

Ч.Айтматовдун чыгармаларынын жардамында окуучуларга экологиялык маданиятты, жоопкерчиликти калыптандырууга жана жаратылышыбызды коргоого арналган алгачкы изилдөөлөр жүргүзүлгөн жана алардын жыйынтыгы [3, 4] макалаларда жарык көргөн.

Экологиялык маданиятты калыптандыруу, санариптешкен цивилизацияны башкарууда экологиялык принциптерди, критерийлерди иштеп чыгуу жана аны жашообузга киргизүү, коомубуздун негизги милдети. Ал эми балдарга экологиялык маданиятты калыптандырып, жоопкерчиликти пайда кылууда “үй-бүлө-мектеп-окуу жай” системасына негизделүүсү керек. Ал үчүн мамлекеттик деңгээлде ата-энелер менен тыгыз байланышта иштөө, билим берүү программаларын экологиялык көз караштa карап чыгуу, адистигине карабастан бардык кесиптин ээлерине экологиялык жана адам экологиясынын көйгөйлөрү боюнча иш чараларды багыттуу уюштуруу зарыл.

Мектеп окуучуларына экологиялык маданиятты калыптандырууда кыргыз адабияты сабагынын орду чоң. Дээрлик бардык адабий чыгармаларда жаратылыш же айлана-чөйрө адамдын турмушу менен тыгыз байланышкан.

А.Ж. Муратов, С.К. Рысбаев, К.Акматов ж.б. окумуштууларыбыз адабият сабагы аркылуу экологиялык тарбия берүүнүн теориялык жана методикалык маселелерине кайрылышкан [5].

Азыркы учурда адабият сабагында окуучуларга экологиялык маданиятты калыптандыруу үчүн предметтер аралык байланышты күчөтүү менен окутуу усулдарын карап чыгуу зарыл болуп турат. Себеби, көпчүлүк учурда адабият сабагында чыгарма боюнча жалпы гана маалымат алуу менен гана чектелип, табият жөн гана чыгармага көркөм фон берүүчү милдетти аткаргандыгы өкүндүрөт.

Ч.Айтматовдун ар бир аңгемесинен, романына чейинки чыгармалары доордун экологиялык көйгөйлөрүн көтөрүп көркөм чеберчилик менен

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



окурмандын аң сезимине жеткирет. Атап айтсак, «Ак кеме», «Кыямат», «Кылым карытар бир күн», «Эрте келген турналар», «Саманчынын жолу», «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» ж.б. чыгармаларында экологиялык маселелерди окурмандын көз алдына көрсөтө алса, «Бетме-бет» повестинде, «Кассандра тамгасы» романында адам экологиясынын маселелерин мүнөздөп, алдын алууга адамзатка чакырык таштаган.

Азыркы учурда окуучулардын чыгармаларды толугу менен окубагандыгынан, көпчүлүк учурда мектепте сабакта жалпы сюжетти гана түшүндүрүп каармандардын оң жана терс сапаттарын ачып көрсөтүү менен гана чектелгендигинен берилген идеяны түшүндүрүү көбүнэсе жеткиликсиз болууда. Ал эми жазуучунун экологиялык этикасынын жогору экендиги жана экологиялык маданиятынын калыптангандыгы ар бир чыгармасынан көрүнүп турат. Ошондуктан, экологиялык билим-тарбия берүүдө Ч.Айтматовдун чыгармаларын чеберчилик менен пайдалануу жана түшүндүрүү аркылуу жаштарда экологиялык маданиятты да калыптандырууга боло тургандыгын баса белгилөөгө болот.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектеп программасында Ч.Айтматовдун чыгармаларына 5-класста «Бугу эне» (Ак кеме повестинен үзүндү) 3 саат, «Атадан калган туяк» аңгемесине 2 саат, 6-класста «Биринчи мугалим» повестине 4 саат, 7-класста «Бетме-бет» повестине 3 саат, «Эрте келген турналар» повестине 3 саат, «Балалыгым» 3 саат, 9-класста өмүр чыгармачылыгына, «Саманчынын жолу», «Ак кеме» повесттерине 8 саат, ал эми 11-класста өмүрү чыгармачылыгына 1 саат, «Жамила» повестине 3 саат, «Кылым карытар бир күн» романына 5 саат, «Делбирим» повестине 3 саат, «Тоолор кулаганда» романына 3 саат, «Кыямат» романына 4 саат, «Ысык-Көлдүн куту жана куну» 1 саат берилген [6]. Ошентип мектеп окуучулары үчүн жалпы 46 саат каралган.

Жалпы биология предмети болсо 11-класста 34 сааттан туруп жумасына бир жолу кирет. Анын ичинен 18 сааты гана экологиялык темаларга бөлүнгөн. Башкача айтканда, сааттардын аздыгы мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөн компетенцияларды калыптандыруу менен күтүлүүчү натыйжаларга жетүү мүмкүнчүлүгүн азайтат. Ошондуктан, предмет аралык байланышты күчөтүү менен жазуучунун чыгармалары аркылуу азыркы күндөгү экологиялык көйгөйлөрдү, чакырыктарды адабият сабагында ачып көрсөтүп, экологиялык жоопкерчиликти калыптандырууга болот.

Ч.Айтматовдун чыгармаларын экологиялык өңүттөн карап чыгып төмөнкүдөй маселелерди кыргыз адабияты сабагында, ийримдерде образдарды жаратуу менен окуучуларды экологиялык маданиятка тарбиялоо мүмкүн экендиги көрүнүп турат.

Жазуучу өзүнүн чыгармаларында Момун чал менен бала, Дүйшөн менен Танабай, Толгонай, Эдигей, Казангап, Бостон, Авдий Калистратов, Сейит, Сейде, аркылуу жалпы адамзатка кайрылуу жасап адамдык сапаттарды даңазалап, Базарбай, Орозкул, Сабитжан аркылуу адам экологиясы маселеси азыркы күндө өтө курчуп бара жатканына токтолот. Ал эми Бугу эне, Гулсары, Акбара, Ташчайнар ж.б. жаныбарлар аркылуу мүнөздөрдү (образдарды) ачып берип, аларды адамга салыштыруу менен жакшылыкка үндөп, адамзаттын жаратылышка көз каранды экендигин эскертип турат.

Ч.Айтматовдун чыгармалары менен окуучулар 5-класстан баштап тааныша башташат. Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн жана окуяларды көркөм кабылдоосун эске алуу менен «Ак кеме» повестинен үзүндү катары «Бугу эне» жомогун өтүүдө окуучуларды адептүүлүккө, ыймандуулукка, табият менен таттуу мамиледе болууга тарбиялоо менен **адеп-ахлак экологиясынын көйгөйлөрүнөн** алдын алууга, эстетикалык тарбияны калыптандырууга мүмкүнчүлүк жаралат. Мугалимдин чеберчилиги анын сабакты пландаштырууда окутуунун традициялык эмес усулдарын пайдалануу менен окуучунун жан дүйнөсүнө таасир этүүсү болот.

9-класста Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестин өтүүдө төмөнкү текстке көңүл бөлсөк: «Ээй, адамдар, дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган адамдар, силерге эмне керек - Жерби? Мына мен жермин, мен бардык адам баласына теңмин, мага талашыңардын кереги жок, мага ынтымак керек! Эмгек керек! Айдоого бир дан таштасаңар, жүздөп кылып берем, чырпык сайсаңар, чынар кылып берем, бак тиксеңер, мөмө төгүп берем, там тургузсаңар, дубал болуп берем, урук-тукумунар көбөйсө, баарынарга жай болуп берем. Мен түгөнбөйм, таарынбаймын, мен кенчмин, мен баарынарга тегиз жетем» дейт [7]. Жазуучу адамзатка Жер-Эне аркылуу **топуралктын структурасынын бузулуусу, табият кырсыктарына** алып келе тургандыгын эскертип жатат. Демек, повестти өтүүдө мектеп жамааттары, ата-энелер жана окуучулар менен биргеликте ишембиликтерди өткөрүү, жашылдандыруу иштерин пландуу уюштуруу зарыл. Окутуу процессинде информациялык технологияларды пайда-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



лануу менен табият кырсыктарынын тийгизген терс таасирлерин түшүндүрүүнүн мааниси чоң экендигин белгилейбиз.

Жазуучу «Ак кеме» повестинде коруктагы үч үй бүлөнүн жашоосун сүрөттөө менен Баланын зордук-зомбулукка чыдабай, Бугу эненин өлгөнүн, токойлордун кыйылып жатканын көрүп, Орозкулдар менен бир жашаганча «балык болуп сүзүп кетем» [8] - деп сууга кирип кеткендиги аркылуу, адамзатты ойлонууга жана өлкөбүздөгү **өзгөчө коргоого алынган аймактарга** көңүл буруу зарыл экендигин көрсөтөт. Азыркы күндөгү өлкөбүздөгү коруктарды, улуттук парктарды жана жоголуп бара жаткан өсүмдүк, жаныбарларды сактап калуу маселесин көрсөтүү менен календардык планда көрсөтүлгөн экскурцияларды максаттуу уюштуруу, табияттын кооздугун билип, таануу жана аны көздүн карегиндей сактоо ишенимин калыптандырууну сунуштайбыз.

11-класста Ч.Айтматов «Кылым каарытар бир күн» романында [9] окурманга адамзат жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш ийбей, аны багынтууга аракет кылып жаткандыгын, **табияттагы тең салмактуулуктун бузулганын** таамай жеткирип, алдын-алуу чакырыгын таштайт. Ал өзгөчө **илимий-техникалык прогресс** дүйнө элинин жашоосун бүтүндөй курчап алып аны сезбеген адамзат негизги баалуулуктарды биле албай маңкуртка айлана баштаганын көрсөтүп, Арал деңизинин соолушунан келип чыккан көйгөйлөрдү, космостук изилдөөлөрдүн натыйжасында **радиацияга кабылган элдин ден соолугунун начарлоосун**, курал жарактардын күн сайын жаңы түрлөрүнүн чыгышы, **таштандылар маселелерин,** топурактын деградациясын, аба ырайынын, экосистеманын жыл сайын өзгөрүүгө дуушар болуп жатканын, жугуштуу оорулар, ичимдик ичүү аркылуу **гендик деңгээлде тукум куучу оорулардын пайда болуп жаткандыгын** адамзатка жеткирүүгө аракет жасайт.

Ал эми таштандылар маселеси дүйнө жүзү боюнча азыркы күндө чечилбей бара жаткандыгы, океандарды, жер кыртышын таштандылар каптап жаткандыгы, алардын кесепетинен **атмосферага да радиациялык калдыктардын чыгышынан** оорулардын пайда болуп жаткандыгы талашсыз. Аны адам баласынын шалаакылыгынан тирүү организмдер жабыркап жаткандыгына токтолот. «Поезд жүргөн жолдун эки тарабына эмнелер гана ыргытылбайт: кагаздын айрыктары, бүктөлгөн гезиттер, сынган шише, чылым түптөрү, кабырылган консерва банкалар, дагыдагы керексиз делген таштандылар. Түлкүнүн башын айлантып жиберчү сасык жыт сынбай түшкөн шишелердин оозунан урунат. Эки-үч ирет ошентип башы айлана түшкөн соң түлкү сынбаган шишелерге кайра жолобочу болду. Чүчкүрүп алып, четке секирип кетет» [9]. Бул чыгармадагы илимий-техникалык прогресстин табиятка тийгизген терс таасирин ачып көрсөтүү менен анын таасирини минималдык деңгээлге түшүрүү боюнча иш аракеттерди талкуулап, сунуштарды берүү зарыл.

«Кыямат» романын окутууда аңчылык кылуу, адамдардын күнүмдүк кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн жаныбарлардын санынын азайышына, **жаратылыштагы азык тизмегинин бузулушуна** алып келип жаткандыгына төмөнкүдөй токтолот: «Эзелтен ит-кушка жем болуп буюрган бөкөндөр, эми эт төгүү планын аткарууга керек болуп калганын бөрүлөр кайдан туйсун. Чүмбөтү ачык «Уазик» минген аткычтар бөкөндөрдү андан ары кубалай артынан сая түштү да, автоматтарынан ок жаадырып, огородунан чөп чапкан сыңары мээлебей-этпей эле кыра башташты. Кузовдордо бөкөндөрдүн өлүктөрү дөбөлөнүп чыкты. Бөкөндөрдүн акыр кыяматы мына ушунда башталды…Ошентип, Акбаранын жакшы көргөн үч бөлтүрүгү да бул кыргында жок болду» [10].

Ч. Айтматов Базарбайдын образы аркылуу ичкиликтин айынан пайда болгон **социалдык экологиялык маселелерге** токтолот. Ичкилик ичүү менен адам баласы генофондунун начарлап жаткандыгына жана ар түрдүү мутациялык оорулардын пайда болуусун көрсөткүсү келген. Ал эми экономикалык жактан баюу максатында апийимди өстүрүү менен канчалаган жаштардын өлүмгө учурап жатышы жана мунжу балдардын туулушу **медициналык экологиянын маселелери** көрсөтүү менен алдын алуу керектигин белгилейт.

Романдагы төмөнкү текстке көңүл бөлсөк: «...Күн өткөн сайын жайыттардын жайы жаман болуп баратат. Мына бул жерде директор отурат, совхозго жаңы келгенинде белден буралган чөп бар эле, жайыттарды карасаң көз тойоор эле, жер кандай күр эле! Азыр карагылачы! Кай жакты карасан чаң учкан как жер, чөптүн ар бир талын көрүп отурабыз : Мунун баарынын себеби эмнеде? Жайыттын чамачаркы белгилүү сандагы койго ылайык бөлмө, биз андан 10 эсе көп койду жайып жатабыз: жер туякка тепселип чаңы чыгып бүттү!» [10].

Демек жайыттардын туура эмес иштелип жатышы **жаратылыштагы айлануу процесстеринин бузулуусуна, топурактын структурасынын деградацияланышына** жана омурткасыз жаныбарлардын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



азык тизмегинин бузулуусуна, сукцессиялык процесстердин жүрүүсүнө алып келгендигин жана баңги заттарды пайдалануунун, ичкилик ичүүнүн кесепетинен адам баласынын генофондунун начарлап, социалдык экологиялык жана адам экологиясынын көйгөйлөрүнүн пайда болуп жаткандыгын түшүндүрүүнү сунуштайбыз.

Жазуучу Ысык-Көл мамлекеттик коругунун азыркы күндөгү абалы, андагы тирүү организмдердин санынын азайып жатышы, көлдүн булганышы жөнүндө «Ысык-Көлдүн куту жана куну» деген публицистикасында токтолот. Ал Ысык-Көлдүн кайталангыс кооз, дартка дабаа жаратылышын сүрөттөө менен алдын алуу иштери кечеңдеп жаткандыгын белгилейт. Ысык-Көл элибиздин табылгыс байлыгы экен-дигин түшүндүрүү менен экологиялык коомдук уюмдар менен биргеликте аралыктан иш чараларды уюштуруу аркылуу окуучулардын аң-сезимине экологиялык тарбияны калыптандыруу зарыл.

Жазуучунун, мекенин сүйгөндүгүн, ар бир чыгармасында Кыргызстандын кооз кайталангыс табиятын чеберчилик менен сүрөттөп, аны кийинки муунга ошол абалда өткөрүү зарыл экендигине чакырык таштагандыгы аркылуу көрүүгө болот.

Ч.Айтматовдун чыгармаларына берилген сааттын ичинде экологиялык көйгөйлөрдү түшүндүрүү, алдын алуу жана болтурбоо боюнча окуучуларга экологиялык маданиятты калыптандыруу мугалимдин негизги милдети. Мектепте кыргыз адабияты сабагын өтүүдө экологиялык багытына да басым жасоо, предмет аралык (география, биология, тарых, эмгек, математика, физика, информатика ж. б.) байланышты күчөтүү зарыл. Окуучуларда экологиялык маданиятты калыптандыруу үчүн методикалык көрсөтмө-лөрдү, заманбап технологияларды пайдалануу менен табият койнунда сабактарды өтүүнү, экскурцияларды максаттуу уюштуруу, ийримдерди жандандыруу керек.

Мектептерде филологдор менен табият таануучулар биргеликте экологиялык маданиятты калыптандыруучу иш чараларды байма-бай уюштуруусу керек. Тарбиянын башаты үй-бүлө болгондуктан ата-энелер менен тыгыз байланыш түзүп, биргеликте иш чараларды уюштурууну зарыл деп эсептейбиз.

Билим берүү мекемелеринде иштеген ар бир мугалим эң оболу өзү экологиялык билимге, тарбияга, маданиятка ээ болуусу абзел. Ал үчүн мугалимдерге атайын экологиялык билим берүү жана тарбиялоонун усулдары боюнча атайын **семинарларды, тегерек столдорду жана өз билимин өркүндөтүү курстарын** уюштуруу мезгилдин талабы.

**Адабияттар:**


1. Кулназаров Б. «Жалпы экология». – Бишкек, 1999. - 362-б.
2. Мурсалиев А., Чоров М., Усенгазиева Г., Мурсалиев М., «Экологиянын фундаменталдык негиздери». - Бишкек, 2014. - 206-б.
3. Мадиярова Ч.А., Тайирова Н.М., Тайиров М.М., Чыңгыз Айтматовдун «Кыямат» романындагы экологиялык көйгөйлөрдүн берилиши. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Б., 2019, №9, 44-48-б.
4. Мадиярова Ч.А., Тайирова Н.М., Тайиров М.М., Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы экологиялык маселелер. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, Б., 2020, №7, 28-33 б.
5. Муратов А., Акматов К., «Айтматовду мектепте окутуу». Бишкек, 2017. - 303-б.
6. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын класстары үчүн кыргыз адабиятынын программасы. - Бишкек, 2018. - 45 б.
7. Айтматов Ч. «Саманчынын жолу». - Бишкек, 2014. - 134 б.
8. Айтматов Ч. «Ак кеме». - Бишкек, 2014. -186 б.
9. Айтматов Ч. «Кылым карытар бир күн». - Бишкек, 2014. - 602 б.
10. Айтматов Ч. «Кыямат». Бишкек, 2014. - 492 б.